Ачык сабак

# Тема: Сөздүн маанилери боюнча талдоо

**10-КЛАСС**

**МУГАЛИМ : МАМБЕТАИТОВА КЕРИМБҮБҮ**

С.Исмаилов атындагы орто мектеби 2020-ЖЫЛ

| Число | 02.03.2020 | | |
|---|---|---|---|
| Текшерилди | | | |

**Предмети:** кыргыз тили **классы:** 10

Сабактын темасы: Сөздүн маанилери боюнча талдоо

Сабактын тиби: Жыйынтыктоо сабагы

Сабактын максаты: Сөздүн маанилери боюнча түшүнүктөрүн жыйынтыктап, сөздөргө талдоо жүргүзө билүүгө көнүктүрүү

Сабактын миллеттери

| **Когнитивдик** | **Жүрүм-турумдук (ишмердүүлүк)** | **Баалуулук** |
|---|---|---|
| Окуучуну эне тилинин өз жашоосундагы,коомдогу, ишмердигиндеги орду менен маанисин так аныктоого үйрөтүү | Сабаттуу сүйлөө,жазуу маданиятын билүүгө жана колдонууга үйрөтүү | Тил- улуттук улуу дөөлөт,сыймык,маданият катары кабыл алып,мурас деп таанып,анны менен сыймыктанууга көнүктүрүү |

| **Негизги компетенттүүлүк** | **Предметтик компетенттүүлүк (күтүлүүчү натыйжа)** | **Көрсөткүчтөр (индикаторлор)** |
|---|---|---|
| **1.Маалыматтык (НК1).** Тексттерди окуу аркылуу ой жүгүртө билүү жөндөмдүүлүгү өнүгөт | **1.Тилдик.** Тилдик бирдиктердин синонимдештигин,стуктурасы,семантикасы боюнча айырмалайт | Сөздүн маанилери боюнча түшүнүгү кеңейсе,талдай алса |
| **2.Социалдык-коммуникациялык (НК2).** Тексттерден маалымат табууга, башкалардын пикирлерин уга билүүгө жана өз пикирин калыптандырууга үйрөнөт | **2.Кептик.** Тилди пикир алышуунун ар кыл кырдаалдарында оозеки жана жазуу формасында пайдаланууга,өзүнүн сөздүк корун байытууга жөндөмү артат | Сөздүн грамматикалык, лексикалык маанилерин өз ара ажырата алышса. Өтмө, түз маанисин таба алышса |
| **3.Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү** Өз оюн эркин жанга так билдирүү жөндөмүнө ээ болот | **3.Маданий.** Коомдо жүрүм-турумдун нормаларына ылайык баарлашуунун жолдорун үйрөтөт | Тил- улуттук дөөлөт,мурас экендигин түшүнүшсө |

**Мазмундук тилке:** Сөз , анын тилдеги жана кептеги орду

| Этаптар | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Колдонулган усулдар | Каражаттар | Компетенттүүлүк | | Баалоо усулдары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | НК | ПК | |
| Уюштуруу | 1.Сабак өтүүгү жагымдуу маанай түзүү<br>2.Учурашуу | Тил жөнүндө ыр айтышат | Аңгемелешүү | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Үй тапшырмасын суроо | 1.Ономастика деген эмне?<br>2.Кимдин аты эмне түшүнүктү билдирет? | Аттарын чечмелеп беришет | Оозеки пикир алышуу | Интернет | НК-1 | ПК-3 | Жообун кубаттап баалоо |
| Жаңы тема боюнча иштөө | 1.Тема аталып,максаты айтылат.<br>2.Кыйытма табышмактар окулуп,жандырмагы табылат (темага байланыштуу).<br>3.Сөз деген эмне?<br>4.Сөз кандай маанилерге ээ?<br>5.Полисемия ,моносемия, семасиология,түз мани,өтмө мани тууралуу суроолор берилет. | Барактагы табышмактарды окушат жандырмагын табышат.<br>Суроолого жооп беришет.<br>Мисалдар менен далилдешет. | Байкоо жана салыштыруу методу<br><br>Сүрөттөр | Барактар кластер тиркеме-лер | НК-1<br><br>НК-3 | ПК-1<br><br>ПК-2 | Калыптан-дыруучу баалоо |
| Бышыктоо | 106-көнүгүү<br>Семантикалык талдоо жүргүзүү<br>Үлгү:<br>жосун<br>Лексикалык мааниси-жорук,кылык, маселе.<br>Грамматикалык мааниси- зат атооч,жөнөкөй,абсрактуу, | Үлгүнүн негизинде тандалган сөздөрдүн лексикалык,грамматикалык маанилерин табышат. | Өз алдынча иштөө | таблица | НК-2 | ПК-1<br><br>ПК-2 | |

| Этаптар | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү | Колдонулган усулдар | Каражат-тар | НК | ПК | Баалоо усулдары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жыйынтыктоо | 107-көнүгүү<br>Сөздүн тике жана өтмө маанилерин табуу.<br>Мисалы: өзүнө тартып -өтмө маани жакындатып | Көнүгүүдөгү бөлүнгөн сөздөрдүн тике жана өтмү маанилерин табышат, чечмелешет | Биргелешип окутуу усулу | Окуу китеби, дептери | НК-1<br>НК-2<br>НК-3 | ПК-1<br>ПК-2<br>ПК-3 | Жаңсоо (смайлик) аркылуу баалоо |
| Карточка менен иштөө | Карточкалар таратылат | Суроолорго жооп беришет | Өз алдынча иштөө | Карточка-лар | НК-3 | ПК-1<br>ПК-3 | Сулематив-дик баалоо |
| Үйгө тапшырма | 108-көнүгүү | Кара тамга менен басылган сөздөрдүн омоним,полисемия,синоним, ин таап келүү | Өз алдынча иштөө | Окуу китеби | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | тубаса. | | | | | | |
| Эскертүү | Сөздүн эмоционалдык маанилери дагы болот. | Атайын быйтыкчалар аркылуу түшүнүгүн айтышат. | Проблема-лык метод | Быйтыкча-лар | НК-3 | ПК-3 | Быйтыкча-лар менен баалоо |

Моносемия (грек тилинен «mono» - бир, «semasia»- маани)- бир гана маанилүү сөз.

- балык,китеп,жамгыр, сулуу

Полисемия (грек тилинен «poly»- көп, «semasia»- маани)- көп маанилүү сөз.

- баш,бет,саат,көз,бут

Сөздү грамматикалык мааниси – сөздүн грамматика, т.а. морфология жана синтаксис тарабынан каралган,талданган мааниси.Мисалы, калем сөзүнүн грамматикалык мааниси төмөндөгүдөй: калем-бул атооч жөндөмөсүндө турган,жекелик сандагы жалпы,конкреттүү адамзаттык эмес,тубаса,жөнөкөй зат атооч.

# Сөздүн маанилери

Сөздүн лексикалык мааниси – сөздүн мааниси, б.а. түшүнүктүн түшүндүрмөсү.Мисалы, калем сөздүн лексикалык маанисин төмөндөгүдөй берсе болот: калем –бул дептерге,кагазга, ж.б.у.с. нерсеге кол менен кармап жазуу үчүн колдонулган , жыгачтан ,пластиктен же темирден жасалган сыяктуу ичке буюм.

Сөздөр

Лексикалык мааниси

Грамматикалык мааниси

С.Исмаилов атындагы орто мектебинин „Сабат" секциясынын 2019-2020- окуу жылынын II ж.ж өтүлгөн сабактардын

**Протоколу**

Ачык сабак өткөн мугалимдин аты, жөнү Ж. Мамбеташова

Өтүлгөн убагы 2.03.20.

Предмети кыргыз тили

Сабактын темасы сөздүн маанилери боюнча талдоо

Сабакта колдонулган көрсөтмө куралдар таблица, сүрөттөр.

Сабактын методу традициялуу, интерактивдүү

Сабактын жүрүшү: Уюштуруу. 5 конок ырлар, эрежелер айтылды. суроолор аркылуу үй иши текшерилди. Өтүлгөн темалар жалпыланды.

1.Катышкан мугалимдердин сөздөрү: Директор Ә. Кадыркуловдун сөзү: Сабак кызыктуу өтүлдү. Окуучулар активдүү. Өтүлгөн темалар боюнча проблемалык суроо берүү аркылуу окуучуларды ойлонтуп мугалим сабакты жакшы уюштурган. „Беш конок" деген ыр менен сабакты кызыктуу баштады. Сөздөрдүн көп маанилүүлүгү боюнча маалыматты кобураак берүүнү сунуштайм. М: моно бир дегенди билдирет. „Монумент", „монография", т.б. сөздөрдү айтып, мисал келтирсе да окуучулар үчүн жеткиликтүү болот. Сабакты „үлгүлүү" деп баалаймын.

Кыргыз тили м. Ч. Токтобекованын сөзү: Сабактын структурасы сакталды. Синонимдүү сөз деген эмне? Анык түрлөрү жана маанилери жөнүндө окуучулар жеткиликтүү түшүнүк ала алышты. Талдоо өз эрежеси менен ишке ашырылды. Доскага окуучулар активдүү иштешти. Сабак традициялуу метод менен өтүлдү. Сабакты „үлгүлүү" деп баалайм.

Секциянын токтому: Жогорудагыларды угуп жана талкуулап отуруп токтом кылат:

1. Ж. Мамбеташованын сабагы өз максатына жетти деп белгиленсин.
2. Сабак кызыктуу жана жеткиликтүү болгондуктан „үлгүлүү" деп бааланысын.
3. Конспектинин көчүрмөсү ОЗБ га берилсин.

Сунуштар

1. Сөздөрдүн маанисин түшүндүрүүдө турмуштан алып мисал келтирүү.
2. Окуучуларды баалоо өз учурунда болсо, сабак мындан мыкты болгонуна шек жок.

Секция жетекчи: [signature] Мамбеташова К.